# Бир аз сулуураак




Автор: Наргиса Карасартова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Алёна Дин

# Бир аз сулуураак

Автор: Наргиса Карасартова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Бир аз сулуураак» (кыргыз тилинде), автор Наргиса Карасартова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Алёна Дин

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Ошол күнү Айжандын маанайы айрыкча башкача эле. Ал өзгөчө бир нерсени каалап жатты, бирок эмнени каалап турганын билбей койду

Ата-энелери конокко жөнөй турган болушту.

Апасы күзгүнүн жанына туруп алып, эриндерин боёп жатып, мындай деди:

– Кызымка, айылга кийчү көйнөгүңдү кий, эмне турасың?

Айжан апасына минтип кайрылды:

– Мен оюнчуктарымды калтыргым келбейт. Алар мени сагынышат да. Мен үйгө эле калсам болобу, алар менен ойноймда.


– Сен эмне, оюнчуктар да сагынат деп ойлойсуңбу?

– Ананчы, алар баарын түшүнүшөт да.

Апасы жылмая карады:

– Анда шоктонбой тынч отур, биз бат эле келүүгө аракет кылабыз.

Ошентип, Айжан, адатынча, оюнчуктарын отургузуп алып, унчукпай жомок укчу угуучулары: коёнекке, мамалакка, мышыгына, торопоюна жана узун кара чачтуу куурчагына жомок айтып бере баштады.



– Илгери-илгери Ысык-Көлдүн жээгинде чоң падышачылык болгон экен. Мен ошол жердеги  чоң ак сарайда жашачумун жана күн сайын түшкү тамак учурунда таттуу торт жечүмүн...

Кыздын маңдайында отурган куурчак көгүлтүр көздөрү менен карап, баарын түшүнүп жаткансып көрүндү..

Айжан анын тегерек жүзүнө жана тармал чачына көңүл коё карады.

– Сен абдан сулуусуң. Мага кызык болуп жатат, мен сулуумунбу же жокпу?





Жообун билиш үчүн кичинекей кыялкеч күзгүгө келди да, өзүнүн кебетесине көңүл коё карады. Жүзүн оңго бурду, солго бурду, анан капалуу минтип ойлоду: "Менин чачым кыска, сулуу болуу үчүн чачым узун болушу керек". Анын ыйлагысы келди.

Аңгыча, бир ой аны ыйлатпай алаксытып калды. Ал шифонерди ачты да, текчесинде турган эжесинин жасалма чачын таап алды, эжеси англис тили боюнча курста жүрөт эмеспи. Айжан ал чачты башына кийди да, аны өзүнүн чыныгы чачы деп элестетe баштады.

– Апамдын эриндерин боёгучу кайда болду экен?

Кыз боёкту таап, эриндерин боёду, ага мындай “сулуу кызга” айланып баратканы абдан жакты.

Капысынан кимдир-бирөө эшикти каккылап калды. Айжан көзчөгө карап, Назгүлдү көрүп калды. Мына, жаңы узун чачы менен мактанар адам табылды! Курбусу үйгө кирип, абдан таң калды.

– Оо, кандай сонун чач?!

– Кадимки эле чачтай ээ? Мен сулуу болуп калдымбы?





– Мм, – деп, Назгүл ойлонуп калды, – Эми бетиң бир аз агыраак болсо, ал үчүн упа керек....

– Жок, мага кара тору болгон жагат, андан көрө, мен боюмдун бийик болушун каалайм.

Айжан ата-энесинин бөлмөсүнө кирди. Керебеттин астынан бийик такалуу жаңы туфлини алып чыкты. Апасы аны конокко да кийбей аяп, катып жүрчү. Апасы аны кийип, театрга барууну максат кылчу. Кээде апасы капалуу түрдө минтип айтар эле:




– Маданияттуу адамдардай болуп, биз качан театрга барабыз?

Атасы баягы эле сөзүн айтчу:

– Барабыз, сөзсүз барабыз, бирок бул дем алышта эмес...

Азыр биздин бул тентек кызга мындай ой келди: театрга жана киного барыш үчүн тез эле чоңоюп, турмушка чыкса...

– Назгүл, карачы! Менин боюм бийик болуп  калды. Албетте, туфли мага чоң. Бирок  мага чак келгенде, мен сөзсүз турмушка  чыгам.



– Чыкпайсың! Билесиңби, эмне үчүн? Себеби, сенин узун үлпөт көйнөгүң жок. Ансыз эч ким колуктулукка албайт.

Айжан өзүн күзгүдөн дагы бир ирет карады: чачы узун, бийик такалуу, эриндери кызыл жана кыска көйнөкчөн...

– Назгүл, сен туура айтасың! Чачым эле эмес, көйнөгүм да узун болуш керек экен.

Ал чоң кайчыны алды да, чечкиндүү түрдө терезеге келди.

– Мына бул терезе пардадан узун көйнөк тиксе болот.

Ошентип ойлонбой туруп, бөлмөнүн терезе пардасынын жарымын кесип алды.

– Эй, сен эмне кылып жатасың? Токтот! Ата-энең урушпайбы! – деп кыйкырып жиберди курбусу.

Айжан терезе парданын кесиндисин алып, өзүн узун көйнөкчөн көргүсү келип, күзгүгө көрүнүүгө шашты. Шашып баратып чалынып жыгылды эле, туфлинин бийик такасы сынып калды.

Кыз ыйлап жиберип, кайра “өзүнө келди”:

– Апам капа болот, ал бу туфлисин абдан аячу эле...

– А терезе парданы эмне үчүн кестиң? – деп таң калып турду.

– Ага сен күнөөлүүсүң? Узун көйнөгүң болбосо, колуктулукка албайт сени  деп айтпадыңбы!



– Демек, буга мен күнөөлүү экенмин да?!

– Ооба, сен!

Назгуль таарынды да, кетип калды.

Айжан баягы куурчагын колуна алды да, аны уруша баштады:

– Сен дагы күнөөлүүсүң! Эмне үчүн мени көгүлтүр көздөрүң менен карадың?! Сенин айыңдан мен сулуу болгум келбедиби!

Бирок бир азга ойлонду да, мындай деди:

– Мен эмнеге буларга таарынып жатам? Мен өзүм туура эмес иш кылдым...!





Аздан соң ата-энеси келип калды. Алар бир укмуш окуяны: такасы сынган туфлини, кесилген терезе пардады жана капа болуп отурган Айжанды көрүштү.

Ал башын шылкыйтып апасына келди:

– Апаке, мени кечирип коюңузчу, мен бир аз сулуу болгум келген...

– “Бир аз сулуу болгум келген” дегениң эмнең? Андан көрөкчө, сен бир аз акылдуу болсоң болмок! – деди да, кызын кучактады.



Айжан күнөөсүн сезип, уятына чыдабай ыйлап жиберди:

– Ата, апа, мени жазаласаңар болот! Мен күнөөлүүмүн!

– Жок, сени биз жазалайлы дегенибиз жок, – деди атасы олуттуу түрдө, – Сен өзүңдүн айыбыңды мойнуңа алдың да... Туурабы, кызым?

– Мойнума алганым – бул демек күнөөмдү түшүнгөнүм да?

– Ооба!

– Ооба, мен туура эмес кылганымды түшүндүм, мен үчүн уят!

Атасы кызынын көз жашын аарчыды да, мындай деди:

– Туура, адам өз катачылыгын мойнуна алыш керек жана андан кийин кайталабоого аракет кылыш керек. Дагы бир нерсе: апаң экөөбүз үчүн, сен дагы, эжең дагы баарынан сулуу экендиги эсиңде болсун!

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Наргиса Карасартова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Алёна Дин



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли